# №42 ЖОББМ Мамлекеттик тил боюнча 2020-2021-окуу жылына карата аткарылган  иштердин жарым жылдык отчёту

## Бишкек шаарындагы №42 жалпы орто билим берүүчү мектептин мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча аткарылган иш пландарынын 1-жарым жылдык жыйынтык отчёту

Бишкек шаарындагы №42 жалпы орто билим берүүчү мектепте мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жалпы 15 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 1мугалим «эл агартуунун отличниги», 3 мугалим «жогорку» даражадагы, 4 мугалим «биринчи» даражадагы, 3 мугалим «экинчи» даражадагы, 4 мугалимдин азырынча даражасы жок. Мугалимдердин иш-тажрыйбаларына, окуу процессинин жүрүшүнө атайын көзөмөлдөр жүргүзүлүп турат.

Кыргыз тили усулдук бирикмеси төмөнкү маселе менен иш алып барат: «Сабакта окутуунун стандарттуу эмес ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын кыргыз тили жана адабияты сабактарына кызыктыруу, сүйлөө маданиятын өстүрүү, сабаттуулугун, билимин, ой жүгүртүүсүн, дүйнө таануусун өнүктүрүү».

Абдумомунова М.Д. 14 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарында, кыргыз тилин өтүүдө, жаңыртылган интерактивдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын сүйлөө кебин өстүрүү».

Алымбек кызы Сыпаргүл 4 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучулардын сүйлөө кебин оозеки чыгармалар аркылуу өстүрүү»

Абдразакова Н.А. 21 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Алым сабак инновациялык ыкма аркылуу сабак өтүү менен балдардын сүйлөө кебин так туура сүйлөөгө үйрөтүү»

Алияскарова Б.К. 12 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Кыргыз тилин окутууда окуучуларды өзүнүн оозеки жазуу кебинин тазалыгына, тактыгына тууралыгына үйрөтүү»

Бейшеналиева Р.Т. 26 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өз алдынча ой жүгүртүүсүнө багыт берүү»

Бектемирова Н.А. 19 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучуларга сүйлөө кебин өстүрүү менен чыгармачылыкка кызыктыруу»

Жантаева Ж. 11 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруу жана кыргыз тили сабагынын негизинде ой жүгүртүүсүн өстүрүү»

Жумантаева Ж.Ж. 36 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Кыргыз тилин окутууда окуучулардын оозеки , жазуу кебинин тазалыгына, тактыгына тууралыгына багыт берүү»

Касымбекова Б.Б. 12 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү деңгээлдеп окутуу системасы аркылуу инновациялоо»

Момунова Р.С. 26 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Дидактикалык оюндар ыкмасы аркылуу окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн сабакка кызыгуусун арттыруу»

Ниязалиева Э.Ш. 12 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучуларга компетентүү мамиле жасоо менен кыргыз тили жана адабияты сабагын үйрөтүү»

Осмоналиева А.А. 17 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучулардын жөндөмүнө, шыгына , талантына жараша иштөө аркылуу билим сапатын жогорулатуу»

Өмүралиева Ж.Т. 10 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Окуучуларды адабий тилдин нормасында, эркин сүйлөөгө, сабаттуу жазууга багыт берүү жана ой жүгүртүүсүн өстүрүү»

Таштекеева Н.Т. 25 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Кыргыз тили сабагында интерактивдүү оюндарды колдонуу менен окуучулардын чеберчилигин өнүктүрүү»


Тагаева Ж.Ж. 28 жылдык пед стажысы бар. Усулдук темасы: «Кыргыз тилин окутууда окуучуларга кыргыз тилинде көркөм жана так сүйлөөгө багыт берүү» мугалимдер өзүлөрү тандап алган темалар боюнча сабактарды кызыктуу, жагымдуу, түшүнүктүү өтүшөт. Аралыктан өтүү убагында да мугалимдер окуучулар менен тыгыз байланышп, жакшы сабактарды өтүп жатышты. -Мугалим мөмөлүү дарак дегендей балдардын сый урматына татыктуу , алар менен тыгыз байланыштары бар мугалимдер


2020- жылдын сентябрь айынан баштап төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:

- ✓ Мугалимдер менен бирдикте календарлык-тематикалык  пландарды жөнгө салып,тактоолорду жүргүздүк
- ✓ Мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 31 жылдыгына карата онлайн иш-чараларды өткөрдүк
- ✓ Райондон, Билим берүү башкармалыгынан, шаардан келген буйруктардын негизиндеги кароо-сынактарга катышып турдук
- ✓ Манас, Ч.Айтматов жана адабият күндөрү белгиленип атайын жумалык өткөрүлдү
- ✓ Кырдаалга жараша онлайн сабактар уюштурулуп, мугалимдер тарабынан өтүлүп жатты















Кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин
2020-2021-окуу жылындагы онлайн сабактары
боюнча 1-чейректин отчету
Мамлекеттин тилин, каада-салтын, үрп-адатын унутта калтырбай муундан муунга сактап келүүгө умтулабыз!
Осмоналиева Айнура Асановна
Омүралиева Женишгүл Токоновна
WhatsApp Video
Абдумомунова Мээлкан Джапаровна
Бектемирова Назгуль Абдинабиевна
Жумантаева Жийдегүл Жумантаевна

# 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнү

2020-жыл 23-сентябрь Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 31 жылдыгына жана мамлекеттик тил күнүнө арналып мектеп ичинде онлайн класстык сааттар, көркөм окуулар, видеороликтер жасалды. Кыргыз тилинин өнүгүшүнө салым кошкон инсандар жөнүндө докладдар окулду. «Эне тилин даңктайлы» деген темада  Касымбекова Б.Б. 10-класстын, Ниязалиева Э.Ш. 9-класс, Осмоналиева А.А. 7-класс, Өмүралиева Ж.Т. 6-класстын окуучулары менен видеороликтерди даярдап Facebook баракчаларына жарыяланган.


Башталгыч класстын окуучулары да эне тилине арналган көптөгөн акын жазуучуларыбыздын ырларынан көркөм окушту. Кыргызстан жөнүндө, мамлекеттин тили жөнүндө жогорку класстардын арасында дил баяндар жазылды.















Сентябрь айында  Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан уюштурулган «Тил келечеги улуу муундардын чыгармаларында» райондук кароо-сынакка 10-класстын окуучусу    Борисова Р.Ж. Т.Касымбековдун «Адам болгум келет» чыгармасы боюнча, 6-е классынын окуучулары Сүйналиева А., Рахимова А. А.Осмоновдун «Башка тилди жандай жакшы көрсөм да , өз тилимди сүйгөнүмдөн жаңылбайм»  деген темада дил баян жазып катышты. Жыйынтыгында Рахимова Асема райондук турда  3-орунга ээ  болуп Грамота жана планшет менени сыйланды. Даярдаган мугалим Билим берүү башкармалыгынын ардак грамотасы менен сыйланган.













4-декабрь «Манас» күнү, 12-декабрь адабият күнү жана Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата мектепте «Манас жана Чынгыз» деген темада окуучуларга слайд жасоо тапшырмалары берилди. Манастан үзүндүлөрдү жаттап, INSHOT жана KineMaster тиркемелери аркылуу слайддарды жөнөтүп жатышты. Айтматовдун өмүрү, чыгармалары жөнүндө окуучуларга атайын сабактар даярдалып, өтүлдү. Окуучулар дагы Айтматовдун чыгармаларынан үзүндүлөрдү алып, ааламдын аалымы Чынгыз жөнүндө эң сонун видеороликтерди өздөрү үн коштоп кызыгуу менен аткарышты. Бул биздин келечектеги жаш муундарыбыздын жаңы технологиларга болгон түшүнүгү, жетишкендиктери. Баардык группалардан Чынгыз Төрөкуловичти даңазалап келип жаткан видео роликтерди көрүп толкундануу, сыймыктануу пайда болд.у


Ошону менен катар залкар акын Алыкул Осмоновдун 125 жылдыгына арнап ырларынан көркөм окуп, обондуу ырларынан аткарып беришти жана слайддар жасалды. Биз сүйгөн акын алыкул ар бир кыргыз атуулунун жүрөгүндө түбөлүк сакталып, жашайт.



Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан уюштурулган «Айтматов менен кездешүү» Айтматовдун чыгармаларынан көркөм окуу кароо-сынагына 9-класстан Кайрат уулу Умар «Саманчынын жолу» повестинен Майсалбектин каты, 6-класстан Исамиддинова Марям «Ак кеме» повестинен Майрыкчаар жезкемпирдин монологун окушту. Даярдоо учурунда Ниязалиева Э.Ш., Өмуралиева Ж.Т эмгектеништи.







Чейректер ийгиликтүү жыйынтыкталды. Мугалимдер өз пландарын аткарууга жетишишти. Өз убагында 5-10-класстарынан билим сапатын текшерүү срези алынды. Мектеп ичинде олимпиадалар 4-11-класстар арасында буйруктун негизинде өткөрүлдү. Анда окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстардан 10-класстын окуучусу Борисова Р.Ж., кыргыз класстарынан 11-класстын окуучусу Камалдинова З. 1-орунду алып райондук олимпиадага даярдоо үчүн сабак берген мугалимдери Б.Б.Касымбековага, Б.К.Алияскаровага дайындалды.

Жылдын жыйынтыгы кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине Билим берүү башкармалыгы тарабынан келген «Кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын бири, педагог, котормочу, публицист туңгуч лексикограф жана лексиколог Хусеин Карасаевдин 120 жылдыгына карата залкар инсандын өрнөктүү өмүр жолун жаштарга үлгү кылуу, эмгектерин улуу мурасын жайылтуу максатында бир айлыкты аткаруу» буйругун аткаруу менен аяктады.

Мам.тил боюнча директордун орун басары: Ж.Т.Өмүралиева